**Изденүүчү М. А. Кашкариеванын «Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары» деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.23.673 диссертациялык кеңешинин мүчөсү педагогика илимдеринин доктору, доцент М. М. Сыдыкбаеванын**

# ЭКСПЕРТТИК БҮТҮМҮ

Изденүүчү Кашкариева Миргул Абибиллаевнанына «Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары» деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин карап чыгып, диссертация тууралуу төмөнкүлөрдү ырастайт.

**Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Изденүүчү Кашкариева Миргул Абибиллаевнанына «Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары» деген темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологияларына арналган теориялык жана практикалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

**Диссертациялык иштин максаты.**

Колледждердеги студенттердин кыргыз тилин коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологияларын иштеп чыгуу, жыйынтыктарын эксперименттик текшерүүлөрдөн өткөрүү, практикада колдонууга сунуш кылуу.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Коммуникативдик компетентүүлүктүн лингвистикалык жактан изилденилишин, педагогикалык жана психологиялык жактан иштелишин иликтеп, жалпылаштыруу;

2. Колледждерде кыргыз тилин окутуудагы коммуникативдик компетентүүлүккө негизделген технологияларды иштеп чыгуу;

3. Колледждерде кыргыз тили курсунда окутуунун теориядагы, практикадагы абалын үйрөнүү жана аны жакшыртуунун жолдорун белгилөө;

4. Колледждерде «Кыргыз тили» курсун окутуунун натыйжалуу формаларын, каражаттарын жана методдорун аныктап, изилдөөдөн алынган натыйжаларды эксперименттен өткөрүү жана практикага сунуш кылуу.

**Диссертациянын изилдөө объектиси.**

Колледждердеги студенттердин кыргыз тилин коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологияларын түзүү процесси.

**Изилдөөнүн методдору:** Изилдөөнүн темасы боюнча адабияттарды, психологиялык, педагогикалык, усулдук эмгектерди талдоо жана колдонуу, сурамжылоо, аңгемелешүү, салыштыруу, баарлашуу, билим деңгээлин аныктоо, практикалык тажрыйбаларды талдоо жана жалпылаштыруу, педагогикалык эксперимент.

**Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу.**

Кыргыз тилин өнүктүрүү азыркы мезгилдин талабы экени талашсыз. Ошого байланыштуу соңку мезгилдерде кыргыз тили сабактарын окутуунун кандай гана мазмуну болбосун аны аныктоодо компетенцияларга негиздеп жүргүзүү кеңири практикаланып келет. Демек, бул маселенин азыркы суроо-талаптарга ылайык так аныкталышынын теориялык жана практикалык мааниси чоң деп белгилөөгө болот.

Орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартында бүтүрүүчү ээ болуучу кесиптик компетенциялар 10-пунктка бөлүнүп берилген. Кесиптик лексиканы (кесиптик тилди) иштеп чыгууда бир адистик боюнча бүтүрүүчү ээ болууга тийиш болгон компетенциялардын негизги түшүнүктөрү, терминдери, сөздөрү сөздүктө камтылууга тийиш. Ар бир колледж өзү даярдаган бардык адистиктер боюнча кесиптик тил (кесиптик лексика) боюнча минимум сөздүктү жалпы коллектив менен даярдап, ага жетекчиликти кыргыз тили окутуучусу жүргүзүп, даяр болгон сөздүк окуу-методикалык комиссияда талкууланып, жактырылып, керектүү нускада басылып, каралып, билим берүү процессинде колдонулушу талап кылынат.

Студенттердин кыргыз тилиндеги коммуникативдик компетентүүлүктөрүн калыптандырып, аны андан ары өркүндөтүүдө

сүйлөөнүн, коммуникациянын болушун камсыз кылган негизги технологияларды иштеп чыгуу азыркы колледждерде **учурдун актуалдуу маселеси** болуп саналат.

Колледждин окутуучулары менен аңгемелешип, пикир алышып, эксперимент жүргүзгөндөн кийин, иликтеген теманы колледжде окутууда төмөндөгүдөй **карама-каршылыктар** орун алганын аныкталган:

- кыргыз тили колледждерде бир топ жылдардан бери окутулуп келсе да бүгүнкү коом талабына төп келген, ар тараптуу камтылган окутуунун заманбап технологияларынын иштелип чыгылбагандыгы;
- кыргыз тилин окутуу процессинде коммуникативдик компетентүүлүк боюнча окутуучунун усулдук тажрыйбалары кеңейтилбегендиги;
- инновациялык технологияларды колдонуу менен студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүгүн өркүндөтүлбөгөндүгү;
- студенттердин эркин баарлашуу көндүмдөрүн калыптандыруу проблемасынын атайын изилденбегендиги жана бул тема боюнча методикалык иштелме, сунуштардын иштелип чыкпагандыгы.

Аталган карама-каршылыктарды чечүү үчүн изилдөөнүн проблемасын аныктап, кыргыз тилин колледждерде окутуу процессинде ар бир студенттин баарлашуу маданиятын арттыруу маселеси, окутуудагы бул зарылдытан улам иштин темасын:**«Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары»** деп алууну шарттады.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу.**

Изилдөөдөн алынган натыйжалар, практикалык сунуштар, сабактын моделдери, технологиялары колледждерде кыргыз тилин компетенттүүлүккө негиздеп окутууга даяр маалыматтарды бере алат. Кыргыз тили сабагынын мазмунун, окутуунун ык-жолдорун өркүндөтүүгө, окутуунун натыйжаларын жакшыртууга кызмат кылат.

- Коммуникациянын лингвистика менен психология илимдеринде изилдениши иликтөөгө алынып, алардын педагогикада иштелип чыгышы талдоого алынуу менен кыргыз тилин окутууда пайдалануунун теориялык маселелери аныкталып берилгендигинде;
- Студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн негизги каражаты катары кеп ишмердүүлүгү алынгандыгында;
- Коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуу технологияларынын иштелип чыгышында.

**Диссертацияда чыгарылган ар бири илимий жыйынтыктын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

**1-жыйынтык** жарым жартылай жаңы, себеби кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутууну өнүктүрүү, калыптандыруу процессинде студенттерге жаңы усулдардын жардамы менен сүйлөөнүн, коммуникациянын болушун камсыз кылган негизги технологияларды пайдалануунун мааниси, максаты, азыркы абалы иликтенген;

**2-жыйынтык** жаңы, себеби колледждердин кыргыз тил сабагында студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өстүрүүгө, өнүктүрүүгө багыттап үйрөтүүнүн методикалык негиздери иштелген;

**3-жыйынтык** жарым жартылай жаңы, себеби кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутууда жаңы технологияларды колдонуу аркылуу лингводидактикалык жактан компетенттүүлүктөргө негиздеп калыптандыруу боюнча илимий эмгектерди изилдөө жана колдонуу иш тажрыйбалары иликтенген.

**4-жыйынтык** жаңы, себеби, кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутууда жаңы технологияларды колдонуу аркылуу студенттердин сүйлөө кебин өстүрүүдө ар түрдүү кырдаалдарда сүйлөшүү, маектешүү процессинде студенттердин маалымат алуучулук, тилдик. коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүдө окутуучулардын зарыл болгон педагогикалык-дидактикалык, психологиялык, эстетикалык, тилдик методологиялык негиздери иликтенген.

**5-жыйынтык** жаңы, себеби кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутуу процессинде алардын кептик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууну мындан ары өркүндөтүүдө жаңы технологиялардын зарылдыгы боюнча сунуштар берилген.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу.**

Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар, конкреттүү сунуштар кыргыз тили сабагында студенттердин тилдик компетенттүүлүктөрүн жаңы технологиялардын жардамы менен окутуунун заманбап концепциясын иштеп чыгууга, окуу программалары менен окуу китептерининин жаңы муунун түзүүгө жана компетенттүүлүктөргө багыттап окутууга карата конкреттүү материалдарды, практикалык сунуштарды бере алгандыгы менен аныкталат.

Иштелип чыккан илимий - методикалык материалдар колледждин окутуучуларына студенттерди окутууда колдонуунун дидактикалык шарттары көрсөтүлгөн. Аталган эмгек колледждердин студенттеринин билимин текшерүүдө, татаал процесстерди моделдөөдө, эксперименттерди жүргүзүүдө жана кийинки изилдөөчүлөргө база болуп берет.

Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутууда санариптик технологиялардын мааниси, алардын кептик, коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү боюнча сунуштар окутуучулардын сабагын жаңылоого жардам берет жана методисттерге окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду жакшыртууда, окутуучуларга жогорку жана орто окуу жайларында курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда багыт көрсөтөт.

**Диссертациялык иштин материалдары төмөндөгү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулган:**

- УАК талап кылган илимий-педагогикалык басылмаларда чагылдырылган;
- Илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалган;
- Сабактар, тренингдер өткөрүлгөн;
- Педагогикалык эксперименттерде текшерилген.

**Кашкариева Миргул Абибиллаевнанын диссертациясынын материалдарын ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй оң натыйжалар алынган:**

**Биринчи натыйжа:** Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутууну жаңы технологиялардын жардамы аркылуу сүйлөө кебин өстүрүүдө алардын коммуникативдик компетентүүлүктөрүн калыптандыруунун максаты, милдеттери, негизги багыттары аныкталган;

**Экинчи натыйжа:** «Тилдик компетенттүүлүк», «коммуникативдик компетенттүүлүк» түшүнүгүнө теориялык аспектиден анализ жүргүзүлгөн, кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутууда санариптик технологиялардын жардамы менен тилдик, коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы, методологиялык негиздери, методдору көрсөтүлгөн;

**Үчүнчү натыйжа:** Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутуунун технологияларын уюштуруунун жана өткөрүүнүн оптималдуу ыкмалары жана жолдору сунуш кылынган, бул багыттар боюнча мугалимдердин, окутуучулардын, методисттердин педагогикалык иш-тажрыйбалары жыйынтыкталган;

**Төртүнчү натыйжа:** Сунуш кылынган методикалык ыкмалардын жана жолдордун эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн педагогикалык эксперимент жүргүзүлгөн жана анын жыйынтыгы чагылдырылган.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну төмөндөгү эмгектерде чагылдырылган:**

1. **Кашкариева, М. А.** Кыргыз тилин колледждерде окутуунун методикасын иштеп чыгуунун зарылдыктары жана багыттары [Текст] / М. А. Кашкариева // КУУнун Жарчысы. - 2021. - № 4. - 59-60-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48066555

2. **Кашкариева, М. А.** Баарлашуунун педагогикалык жактан иштелиши [Текст] / М. А. Кашкариева // Актуальные научные исследования в современном мире. - 2022. - Выпуск 3 (83). – Часть 4. - 121-127-бб. https://drive.google.com/file/d/19ykQgxRgwToi779Ea2zmv2acFrxx2RkS/view

3. **Кашкариева, М. А.** Коммуникативдүүлүктүн лингвистикада изилдениши тууралында айрым маселелер [Текст] / М. А. Кашкариева // Актуальные научные исследования в современном мире. - 2022. - Выпуск3 (83). – Часть 4. - 114-120-бб. https://drive.google.com/file/d/19ykQgxRgwToi779Ea2zmv2acFrxx2RkS/view

4. **Кашкариева, М. А.** Колледждерде кыргыз тилин окутууда коммуникативдик кырдаалга даярдоонун жолдору [Текст] / М. А. Кашкариева// Наука новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2022. -№ 2.- 295-298-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49605833

5. **Кашкариева, М. А.** Role of Pedagogical Conditions in Organizing Students Independent Work using Information Communicative Technologies and Educating Future Teachers to Multiculturalism through Folk Traditions and Rituals [Текст] / **Ch. Tynybekova, S. Kochkonbaeva, M. Kashkarieva** // Journal of Positive School Psychology. - 2022. - Vol. 6. - № 4. – P. 10052–10059. https://journalppw.com/index.php/jpsp/article/view/6307

6. **Кашкариева, М. А.** Кыргыз тилин окутуудагы коммуникативдүүлүктүн психология менен байланышта каралышы [Текст] / М. А. Кашкариева // Наука. Образование. Техника. - 2022. - № 3. - 155-159-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49900630

7. **Кашкариева, М. А.** Коммуникативдик багытта окутуунун педагогикалык маселелери [Текст] / М. А. Кашкариева., А. К. Тентимишова // Наука. Образование. Техника. - 2023. - № 2. - 204-210-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=53958556

8. **Кашкариева, М. А.** Колледждерде кыргыз тилин коммуникативдик багытта окутуунун психологиялык өзгөчөлүктөрү [Текст] / М. А. Кашкариева // ALATOO ACADEMIC STUDIES. - 2023. - № 2. - 68-81-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=52692580

9. **Кашкариева, М. А.** Колледждерде кыргыз тилин google тиркемелери менен коммуникативдик компетенттүүлүккө багыттап окутуунун алгылыктуу

жактары [Текст] М. А. Кашкариева, Ж. А. Чыманов // ALATOO ACADEMIC STUDIES. - 2023. - № 3. - 281-287-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=59632505

10. **Кашкариева, М. А.** Кыргыз тилин моделдүү сабак менен окутууда коммуникативдүүлүккө даярдоо технологиялары [Текст] / М. А. Кашкариева // Актуальные научные исследования в современном мире. - 2023. - Выпуск 10 (80). - Часть 3. - 178-184-бб. https://scholar.google.ru/citations?hl=ru&view_op=view_citation&citation_for_view=CLoG9U

11. **Кашкариева, М. А.** Колледждердеги студенттерди академиялык окуу жана жазуунун негизинде коммуникативдүүлүккө калыптандыруунун айрым технологиялары [Текст] / М. А. Кашкариева // Наука. Образование. Техника. - 2023. - № 3. - 252-259-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=58733478

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат негизинен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет.

**Айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Ар бир колледждер боюнча бардык адистиктерде кесиптик лексикага минимумдардын саны чыгарылса болмок.
2. Изилдөө ишинин айрым жерлеринде сүйлөмдөр туура түзүлбөй калган учурлары кезигет.
3. Диссертациялык иште, авторефератта бир аз техникалык каталарга жол берилген. Оңдоо керек.

Көрсөтүлгөн кемчиликтерди оңдосо болот. Алар иштин жалпы аткарылыш деңгээлине доо кетирбейт. Баса белгилеп кетчү жагдай, кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары аркылуу кептик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикасына арналган, толук иштелип чыккан, өтө жакшы жазылган, терен изилденген эмгек деп эсептейм.

Диссертациялык иш, анын автореферат менен толук таанышып, окуп чыккандан кийин эксперт катары төмөнкүдөй бүтүмгө келдик:

М. А. Кашкариеванын диссертациялык иши 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча мындай иштерге коюлуучу талаптарга жооп берет.

Иш актуалдуу темага арналып, өз алдынча иштелип, толук бүткөн эмгек катары коргоого сунуш кылынат.

**Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы жетектөөчү мекеме катары А. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин педагогика, психология жана билим берүүнүн технологиясы кафедрасын сунуштайт. Аталган кафедрада сунушталган илимдин тармагы боюнча илимдин докторлору, кандидаттары ж.б. адистер эмгектенет.

**Эксперттик комиссия расмий оппоненттер катары төмөнкү адистерди сунуш кылат.**

**Биринчи расмий оппонент** катары К. Д. Добаевди, педагогика илимдеринин доктору, профессор, КББАнын башкы илимий кызматкери (автореферат адистиги 13.00.02 - кыргыз тили) изилдөө проблемасына жакын эмгектери бар:

1. Добаев К. Д. Окутуу технологиясындагы мультимаданий компетенциянын ролу жана мааниси // Эл агартуу. – 2023. - № 1-2. – 15-21-бб.

2. Добаев К. Д. Кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу // ALATOO ACADEMIC STUDIES – 2022. - № 2. – 41-49-бб.

3. Добаев К. Д. Значение слова с национально-культурным компонентом на уроках кыргызского языка в русскоязычной начальной школе // Сборник материалов Международного научного конгресса “Русский язык в глобальном научном и образовательном пространстве”. – 6-10 декабря 2021. – С. 444-447.

**Экинчи расмий оппонент** катары кыргыз тилин окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Жороев Ташболот Абдыкаимовичти сунуш кылат (13.00.02).

Анын эмгектери:

1. Жороев, Т. А. Кызыктуу кыргыз тили – Ош: 2006. – 88 б.

2. Жороев, Т. А. Кыргыз тилин окутууда дидактикалык оюндар аркылуу окуучулардын тилдик жана коммуникативдик компетенттүүлүгүн өстүрүү : 13.00.02. педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын автореферата– Бишкек, 2012.

3. Жороев, Т. А. Кыргыз тили, практикалык курс: окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин жогорку класстарынын окуучулары үчүн колдонмо. - Бишкек, 2020.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы, сунуш кылынган документтерди карап чыгып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине жана Ж.Баласагын атындагы улуттук университетине караштуу Д. 13.23.673 диссертациялык кеңешине 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн изденүүчү Кашкариева Миргул Абибиллаевнанына «Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары» деген темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү,
педагогика илимдеринин доктору, доцент Сыдыкбаева М.М.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

тастыктайм

Дата поступления заключения в ДС Д 13.23.673
07.05.2024г
Уч. секр.: Осмурбаева

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА

КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ